**Кыргыз тили жана кыргыз адабияты**
**(окутуу башка тилде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)**

**Бир туура жооптуу тест тапшырмалары.**
Ар бир тапшырмага жооптун **2-4 варианты** сунушталган. **Алардын ичинен 1 гана жооп туура.** Туура жоопту белгилегиле.

**№1. Берилген сүйлөм татаал сүйлөмдүн кайсы түрүнө туура келет?**
***Толкун артынан толкун кубалап, тоңголок кумдуу жээкти жаба берет, кара күрөң былжыр таштарга көбүк жабышат.***
А) тең байланыштагы татаал сүйлөм
Б) байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөм
В) багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм
Г) аралаш татаал сүйлөм

**№2. Стилдик жактан туура эмес айтылган сөз айкашын белгилегиле.**
А) жоон моюн
Б) жоон билек
В) жоон суу
Г) жоон орто

**№3. Туура аныктаманы белгилегиле.**
А) Илимий стилде окумуштуулардын ойлору цитата түрүндө берилет.
Б) Илимий стилде окуя, көрүнүштөр таасирдүү, реалдуу баяндалат.
В) Илимий стилде окуяга карата агитациялык иштерди жүргүзүүгө болот.
Г) Туура жооп жок.

**№4. Белгиленген сөз кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат?**
**<u>Өзүндөй</u>** адамды издеп жүрөт.
А) шилтеме ат атооч, аныктооч
Б) аныктама ат атооч, аныктооч
В) сапаттык сын атооч, ээ
Г) катыштык сын атооч, ээ

**№5. Сөз айкашынын ыкташуу байланышына мисалды белгилегиле.**
***Самыйдын атасы жоош кишилерден болчу.***
А) Самыйдын атасы
Б) жоош киши
В) кишилерден болчу
Г) эч кандай байланыш жок

**№6. Белгиленген сөздүн сөз түркүмүн аныктагыла.**
*Дайыма айылды **<u>карамай</u>** адатты тапты.*
А) зат атооч
Б) сын атооч
В) атоочтук
Г) кыймыл атооч

**№7. Белгиленген этиштердин кайсынысы негизги мамиледе турат?**
А) Бүгүн аттуу-баштуу аксакалдар **<u>чакырылды.</u>**
Б) Узактан келген меймандарын үйүнө **<u>чакырды.</u>**
В) Сынбаган бекем сабыры менен ишин **<u>улантышты.</u>**
Г) Эртерээк фабриканын жатаканасына **<u>жайгаштыр.</u>**

**№8. Белгиленген сөз мааниси боюнча кайсы сөздүн түрү боло алат?**
***Катуу жел жүрсө, жөө тумандай калдайган боз топурак учат.***
А) метонимия
Б) метафора
В) синекдоха
Г) литота

**№9. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр байламтанын кайсы түрү менен байланышты?**
***Мен атайы билгизбейм, анткени алардын көңүлүн калтыргым келбейт.***
А) байланыштыргыч
Б) каршылагыч
В) себеп-натыйжа
Г) ажыраткыч

**№10. Бул текст кайсы стилге таандык?**

786-жылы Аббасийлердин мамлекетинин башына 20 жаштагы Харун ар–Равшид башкаруучу болуп келген. Ал адилеттүү башкаруучу. Кытай жана башка мамлекеттер менен мамиле түзүп, өлкөнүн өнүгүшүнө салым кошкон.

А) көркөм
Б) публицистикалык
В) расмий
Г) расмий эмес

**№11. Окуучулардын функционалдык сабаттуулугу деген эмне?**
А) Окууну улантуу үчүн мектеп предметтери боюнча билим алуу мүмкүнчүлүгү.
Б) Мектепте алган билимдерин күнүмдүк милдеттерди чечүү үчүн колдоно билүү.
В) Мектеп предметтеринин жашоо үчүн функционалдык маанисин аңдай билүү.

**№12. Беш сап ыр түзүү схемасы бул – ... .**
А) кластер
Б) инсерт
В) синквейн
Г) диаграмма

**№13. Адамдын тилди үйрөнүүгө болгон ички каалоосунун жаралышы бул – ... .**
А) интуиция
Б) интенция
В) градация
Г) сенсация

**№14. Кыргыз адабиятында роман жанрын баштаган жазуучу ким?**
А) Т.Сыдыкбеков
Б) М.Элебаев
В) Ч.Айтматов
Г) К.Жантөшев

**№15. М.Ю. Лермонтовдун “Жел кайык (Парус)” деген ырын кыргыз тилине ким которгон?**

А) Ж.Турусбеков
Б) А.Осмонов
В) М.Элебаев
Г) Ж.Бөкөнбаев

**Бир нече туура жооптуу тест тапшырмасы.**
Тапшырмалардын бир нече туура жообу бар. Туура жоопторду белгилегиле.

**№16. Сиз сабакта кептин баяндоо түрүн окутуп, эссе-аңгеме жазууну үйрөтүп жатасыз. Окуучу аңгеменин кайсы курамдык бөлүктөрүн чагылдырып жазыш керек?**

А) Окуянын орду, каармандары – ким (эмне) жөнүндө сөз болуп жатат.
Б) Тезис жана далилдердин, тезиске карата кайчы пикирлердин болушу.
В) Автордун баалоосу – сүрөттөлүүчү предметти автордун баалоосу.
Г) Сюжети – окуянын ирети, мааниси – автордун негизги идеясы.

**Дал келүүнү аныктоого берилген тест тапшырмасы**.
**Сол жакта** берилген ар бир элементке **оң жактагы** элементтердин ичинен дал келгенин жазгыла (б.а. дал келген эки элементти туташтыргыла). Бир тамганын тушуна бир гана сан жазылат.

**№17. Сүйлөмдү сүйлөмдүн мүнөздөмөсү менен дал келтиргиле.**

| **Сүйлөмдөр:** | | **Сүйлөмдөрдүн түрлөрү:** | |
|---|---|---|---|
| **А** | Албетте, аны эстегенде азыр да боорум ооруп кетет. | **1** | Жөнөкөй сүйлөм, атоочтук түрмөк менен татаалданган. |
| **Б** | Мен силерди тамаша кылмак белем, кокуй! | **2** | Жөнөкөй сүйлөм, киринди сөз менен татаалданган. |
| **В** | Талбай үч саат сүйлөштүңүз го, байке. | **3** | Жөнөкөй сүйлөм, сырдык сөз менен татаалданган. |
| **Г** | Койго тоют ташыган тракторлор аркы-берки каттай берип салган жол бар. | **4** | Жөнөкөй сүйлөм, бөтөн сөз менен татаалданган. |
| | | **5** | Жөнөкөй сүйлөм, каратма сөз менен татаалданган. |

**Жообу:**

| | |
|---|---|
| **А** | |
| **Б** | |
| **В** | |
| **Г** | |

**Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.**

**Жибек жиби кантип пайда болот?**

Азыркы учурда кийимдер ар түрдүү кездемелерден тигилүүдө. Замандын өсүшү менен кездеменин да көп түрлөрү чыгууда. Алардын ичинен эч сапатын жоготпой жогору бааланган кездеменин бири – жибек.

Жибек кандайча пайда болот? Жибек алуу – бул айыл чарбасына тиешелүү десек, көбүбүзгө жаңылык болот. Чындыгында, жибекчилик айыл чарбасындагы жибек куртун өстүрүүчү тармак болуп саналат. Мында жибек түйдөгүн алуу максатында бакма тыт жибек курту жана жапайы жибек курту багылат. Тыт дарагынын жалбырагы жибек куртунун негизги азыгы болуп саналат. Ошол себептен жибек куртун багуу үчүн тыт дарагын өстүрүп, асыроо керек.

Ал эми жибек куртунан жибек өндүрүү качан жана кайдан келип чыккан?

Бул суроого жооп берүү үчүн тарыхка кайрылсак, беш миң жыл мурун Кытайда табигый нукура жибек алуу үчүн тыт жибек курту өстүрүлө баштаган экен. Ал 5‒7-кылымда Орто Азия менен Закавказьеде пайда болгон. Алар жибекчиликти өзгөчө ыкмалар менен иштетүү процессин ойлоп табышкан. Аларга: тыт дарагын өстүрүү, жибек куртун тоюттандыруу, жибек түйдөкчөсүн алгачкы иштетүү, тагыраак айтканда, түйдөкчөнүн ичин курт куурчакчасынан бошотуу, кургатуу болуп саналат.

Жибек куртунун породасын жакшыртуу, көбөйтүү иштерин жибекчилик ишканалары жана асыл тукумдаштыруу станциялары жүргүзүшөт. Чет мамлекеттерден жибекчиликти иштетүү Япония, Кытай, Индия, Корея, Түркия, Бразилия жана башка бир катар өлкөлөрдө жакшы деңгээлге жеткен.

Жибек – бул жибек куртунун безинен бөлүнүп чыгуучу табигый текстиль буласы. Мындай жип оңой боёлот жана бышык болот. Азыркы учурда жибек кездеме табигый, синтетикалык жана жасалма жиптерден токулат. Акыркы эки вариацияны химиялык заттарга таандык деп айтууга болот. Жасалма зат целлюлозадан химиялык кошулмалар менен жасалат. Ал бир нече мыкты мүнөздөмөлөргө ээ жана баасы арзан болот.

Табигый материал кытай жибеги сыяктуу, кымбат баалуу элитанын кездемелеринин категориясына кирет. Мисалга алсак, нымдуулукту көп өлчөмдө сиңирүү, бирок ошол эле учурда тез кургап кетүү мүмкүнчүлүгү. Гипоаллергендик. Материал чаңды сиңирбейт, электрлешпейт, микробдордун жайылышына жол бербейт жана жагымсыз жытты сиңирбейт. Терморегуляциясы талапка ылайык келет. Абаны жакшы өткөрөт. Жибек кездемеден тигилген кийим сапатын жоготпостон узак кызмат кылат.

| |
|---|
| Ар бир тапшырмага жооптун **2-4 варианты** сунушталган. **Алардын ичинен 1 гана жооп туура.** Туура жоопту белгилеңиз. |

| | | |
|---|---|---|
| **№18.** | Текстте кездеменин кайсы түрү жөнүндө айтылып жатат? | А) кашемир<br>Б) нооту (драп)<br>В) капрон<br>Г) жибек |
| **№19.** | Жибекчилик кайсы тармакка тиешелүү? | А) азык-түлүк<br>Б) өнөр жай<br>В) айыл чарба<br>Г) суу чарба |

| | | |
|---|---|---|
| **№20.** | Жибек куртунун азыгы кандай аталат? | А) бадам дарагы<br>Б) мажүрүм талы<br>В) долоно дарагы<br>Г) тыт дарагы |
| **№21.** | Табигый нукура жибек алуу кайда жана качан пайда болгон? | А) 3-7-кылымда Азия менен Забайкальеде<br>Б) 5-7-кылымда Орто Азияда<br>В) 5 миң жыл мурун Кытайда<br>Г) 3 миң жыл мурун Кореяда |
| **№22.** | Жибек куртунун породасын жакшыртуу процесси кайда жүргүзүлөт? | А) асыл тукум чыгаруу заводдорунда<br>Б) асыл тукум чыгаруу комбинаттарында<br>В) асыл тукум чыгаруу базасында<br>Г) асыл тукум чыгаруу станцияларында |
| **№23.** | Сиздин оюңузча, жибек кездемесинин өзгөчөлүгү эмнеде? | А) жумшак, тез кургайт<br>Б) оңой боёлот, бышык<br>В) синтетика, жеңил болот<br>Г) баасы арзан, жеткиликтүү |
| **№24.** | Жибекти эмне үчүн элитанын кездемелер категориясына киргизишкен? | А) Нымдуулукту сиңирбейт, тез кургайт, ысытат.<br>Б) Тез кургайт, чаңды сиңирет, аба өткөрбөйт.<br>В) Жагымсыз жытты сиңирбейт, тез кургабайт.<br>Г) Нымдуулукту сиңирет, тез кургайт, аба өткөрөт. |